**Жеке адам-резидент эместер банктык эсеп ачуу үчүн документтердин төмөнкү тизмесин берүүлөрү керек:**

1. Жеке адамдын эсеп ачуу жана “Бакай Банкта” жеке адамдарды банктык тейлөө шарттарына кошулуу жөнүндө Арыз-Анкетасы;
2. Чет элдик жарандын паспортунун көчүрмөсү, же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген же Кыргыз Республикасынын эл аралык макулдашууларына ылайык, өздүгүн тастыктоочу документ катары таанылган башка документтин көчүрмөсү (банкка берилген документтин түп нускасы чет тилде толтурулган болсо, Кыргыз Республиасынын мамлекеттик же расмий тилине которулган, нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн котормосу берилиши керек);
3. Чет элдик жарандын Кыргыз Республикасынын аймагында болуусунун мыйзамдуулугун тастыктоочу документ, ошону менен бирге “Мекен карт”, эгерде Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында, Кыргыз Республикасы менен чет мамлекеттердин ортосунда түзүлгөн эл аралык макулдашууларда андан башкасы каралбаган болсо (эскертүүнү кара).
4. Жарандыгы жок адамдар үчүн – Кыргыз Республикасында жашай туруу укугу;
   1) Чет элдик жарандар үчүн:
      - чет элдик жарандын паспорту;
      - Кыргыз Республикасында жашай туруу укугу;
   2) Качкындар үчүн:
   - качкын деп таануу тууралуу өтүнүчтүн катталгандыгы жөнүндө күбөлук;
      - качкындын күбөлүгү.
   3) Кайрылмандар үчүн – кайрылмандын күбөлүгү.

**Эскертүү:**

1. Кардар документтерди берүүдө көчүрмө кайсы документтен чыгарылган болсо, ошол документтин түп нускасын таанышып чыгуу жана салыштырып текшерүү үчүн берет.

2. Чет элдик жарандар жана жарандыгы жок адамдар КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 19-декабрындагы Токтому менен бекитилген “Чет мамлекеттердин тизмесине” ылайык (2019-жылдын 3-сентябрындагы №449 Токтомдун редакциясында) (№2 тиркеме), башка учурларда эсеп ачылып жаткан маалда Кыргызстандын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык, келген жериндеги ыйгарым укуктуу органдарда, ошондой эле мейманканаларда тиешелүү мөөнөткө каттоодон өтүүдөн бошотулушу мүмкүн.